Аскер уулу Нурлан атындагы ЖББ орто мектеби

# Тарбиялык саат

## Тема: **«Өрт коопсуздугу»**

2-класс

Класс жетекчи: Калыгулова Э.С.

2022-2023-окуу жылы

18 10 2021-жыл Тарбиялык саат 1-класс

Сабактардын темасы: «Өрт коопсуздугу»

Сабактын формасы:Аралаш

Колдонулуучу ыкмалар:Көрсөтүү,аңгемелешүү

Сабактын жабдылышы: Сүрөттөр,плакаттар

Предметтик аралык байланыш:

| № | **Сабактын максаттары** | **Көрсөрткүчтөр** |
|---|---|---|
| 1 | **Билим берүүчүлүк:**Окуучулар өрт коопсуздугу жөнүндө маалымат алышат.<br>Өрт коопсуздугу эрежелерин сактоону үйрөнүшөт. | Окуучулар өрт коопсуздугу жөнүндө маалымат алышса.<br>Өрт коопсуздугу эрежелерин сактоону үйрөнүшсө. |
| 2 | **Өнүктүрүүчүлүк:** Окуучулар өрттүн капысынан,көпчүлүк учурда кайдыгерчиликтин айынан чыгаарын түшүндүрүү,сүрөттөр, каражаттар аркылуу маалымдуулугун кеңейтишет. | Окуучулар өрттүн капысынан,көпчүлүк учурда кайдыгерчиликтин айынан чыгаарын түшүнүшсө, сүрөттөр, каражаттар аркылуу маалымдуулугун кеңейтишсе. |
| 3 | **Тарбиялык :** Өрттөн сак болууга тарбияланышат | Өрттөн сак болууга тарбиялянышса |

**Сабактын жүрүшү:**

| **Сабактын этаптары** | **Убак тысы** | **Мугалимдин ишмердүүлүгү** | **Окуучунун ишмердүүлүгү** |
|---|---|---|---|
| **1.Уюштуруу** | 3мин. | Класстык бөлмөгө жагымдуу абал түзүү | Окуучулар бири-бирине жагымдуу маанай түзүшөт |
| **2.Өрт эмнеден чыгат** | 3-5 мин. | Өрт газ,электр буюмдардан,оттон чыгарын сүрөттөр, көрсөтмө куралдар аркылуу түшүндүрөт | Окуучулар өрт,газ, электр буюмдардан, оттон чыгарын сүрөттөр, көрсөтмө куралдар аркылуу түшүнүшсө |

| | | | |
|---|---|---|---|
| **3.Теманы түшүндүрүү** | 5-7 мин. | Көпчүлүк учурда өрт кырсыгы электр өткөргүчтөрдүн бузук абалда болушунан келип чыгышы.Үйдө чөп, отундун жанында ширенке менен ойноого болбошун түшүндүрүү | Көпчүлүк учурда өрт кырсыгы электр өткөргүчтөрдүн бузук абалда болушунан келип чыгышын.Үйдө чөп,отундун жанында ширенке менен ойноого болбошун түшүнүшсө |
| **4.Теманы бышыктоо** | 7-10 мин. | Мугалим окуучуларга өтүлгөн тема боюнча дидактикалык оюн сунушталып,суроо берилет:<br>1.Өрттүн чыгышы адамдын өмүрүнө эмне алып келет?<br>2.Кандай учурларда өрт чыгат?<br>3.Эмне менен ойноого болбойт?<br>4. Өрт чыкканда эң алгач эмне кылуу керек?<br>5. Өрт кырсыгы деген эмне? | Окуучулар төмөнкү суроолорго жооп беришет:<br>1.Өрттүн чыгышы адамдын өмүрүнө коркунуч,жоготуу,кайгы алып келерин билишсе.<br>2.Электр өткөргүчтөрдүн бузук абалда болушу жана кароосуз калышы айтып беришсе<br>3.Ширенке менен ойноого болборун билишсе.<br>4.Өрт чыкканда эң алгач өрт өчүрүү кызматы 101 ге чалуу керек экенин билишсе<br>5.Биздин баалуулуктардын өрттөлуп, жок болушун айтып беришсе. |
| **5.Талкуулоо үчүн суроолор** | 5-7 мин. | Мугалим өтүлгөн тема боюнча окуучуларга сүрөттөр менен аңгемелешүүнү сунуштайт. | Окуучулар мугалим айткан маалыматтарды угушса,талдашса , сүрөттөр менен аңгемелешүүнү билишсе |
| **6.Тынығуу** | 5мин. | Мугалим окуучуларды эс алдыруу максатында темага байланыштуу оюн ойнотот.(музыканын коштоосунда) | Окуучуларды темага байланыштуу оюн ойнооо менен эс алышып,сабакты улантышат. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| **7.Жыйын-тыктоо** | 5мин. | Мугалим доскада окуучулардын сүрөттөр менен иштөөсүнө көңүл бөлөт | Окуучулар доскада сүрөттөр менен иштей билишсе. |
| **8.Тапшырма берүү** | 3мин. | Үйдөн «Өрт коопсуздугу» темасында сүрөт тартып келүү | Окуучулар үйдөн «Өрт коопсуздугу» темасында сүрөт тартып келишет |



Өрт кырсыгы – бул материалдык баалуулуктардын өрттөнүп жок болушу жана адам баласынын өмүрүнө коркунуч менен коштолгон, контролдукка алынбаган өрттөнүп-күйүү процесси.





**Өрт коопсуздугу** – өрттүн алдыналууга жана өчүрүүгө багытталган, укуктук, уюштуруучулук, экономикалык, социалдык, илимий-техникалык чаралардын, тарбиялык чаралардын, ошондой эле тийиштүү күчтөр менен каражаттардын жыйындысы.









Аскер уулу Нурлан атындагы орто мектеби

# Тарбиялык саат:

# Коррупцияга каршыбыз!




Мугалим: Бектурова С.К.

***Биз коррупцияга каршыбыз***

***Класстык саат***

| | |
|---|---|
| ***Сабактын темасы***: (Биз коррупцияга каршыбыз!) | Өлкө сыймыктангандай жаран бол! |
| ***Сабактын максаты***: | а) Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексине ылайык коррупция деген түшүнүктү, коррупциянын белгилерин, коррупциянын себептерин билишет;<br>б) Коомдого мындай терс көрүнүштөргө өз ой пикирлерин эркин айта алышат;<br>в) Чынчыл, адилет болууга, бардык нерсеге каниет кылууга, жаман адаттардан алыс болууга тарбиялоо |
| ***Сабактын жабдылышы;*** | Ватман, сүрөттөр, проектор менен слайд көрсөтүү. |
| ***Сабактын усулу:*** | Суроо-жооп, жалпы иштөө, талкуу, презентация |
| ***Сабактын жүрүшү:*** | 1.Саламдашуу.<br>2. Окуучуларды тактоо<br>3. Тазалыкка көңүл буруу |

***Мугалим :*** ( Сабактын максатын айтуу менен мугалим сабакты баштайт.)

-Окуучулар силер айткандар туура, бирок атайын укуктук аныктама бар экенин айтып, Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 303-статьясында берилген коррупциянын аныктамасын илет.

***Коррупция** – материалдык, ар кандай башка дөөлөттөрдү жана артыкчылыктарды укуксуз алуу, ошондой эле алар тарабынан бул дөөлөттөрдү жана артыкчылыктарды жеке адамдарга жана юридикалык жактарга берүү максатында бийлик ыйгарым укугуна ээ болгон бир же бир нече кызмат адамынын айрым адамдар же топтор менен туруктуу байланышын билдирген, коомдук жана мамлекеттик таламдарына коркунуч келтирген атайын жасалган жосундар.*

***Мугалим:*** Коррупция- бул атайлап жасалган иш. Атайлап жасалган иш деген- адам мыйзамга каршы иш жасаарын, ал иш жаман кесепеттерге алып келээрин, бирок баары бир ушундай ишке бараарын түшүнөт. Кызмат адамы- атайын бийлик ыйгарым укуктарына ээ болгон кандайдыр бир кызматка тандалган же убактылуу дайындалган киши.

Буларды түшүндүрүү менен мугалим коррупциянын негизги белгилерин жөнүндө слайд-шоу аркылуу түшүндүрмө берет.

**Коррупциянын белгилери:**

1. Коррупциялык иштерге катышкан адам кызмат кишиси болуп саналат.
2. Ал дайым адамдар же адамдардын тобу менен мыйзамсыз байланышты ишке ашыруу үчүн өзүнүн кызматтык абалын жана андагы мүмкүнчүлүгүн пайдаланат.
3. Ушулардын бардыгы башка адамдардын, коомдун жана мамлекеттик кызыкчылыгына зыян келтирет.

***Мугалим***: Жогоруда берилген маалыматтарды толуктоо, талкуулоо максатында, үйгө берилген тапшырманы сурайт. (Өткөн сабакта үйгө «Коррупция деген эмне?» деген темада сүрөт тартуу берилген) Окуучулар өздөрү тарткан сүрөттөргө түшүндүрмө беришет. Тартылган сүрөттөр доскага илинет. Андан кийин мугалим окуучулардан бул же тигил сүрөттөрдү эмне үчүн тарткандыгын сурайт.

**Мисалы**: Ыйлап жаткан адамдын сүрөтү, кайгылуу кебете, ыйлаган гүлдөр, кандайдыр- бир канаттуулар.

Атайын даярдалган окуучу өзү тарткан сүрөттү түшүндүрүп менен жаңы маалыматты берет.

***Окуучу:*** — Биз кимди катураак жазалоого дейбиз – паракордубу же пара берүүчүнүбү? Өзү тарткан сүрөтү менен экөөсү тең күнөөлүү экендигин билдирди..

- Келгиле окуучулар биз бүгүнкү сабакка жагымдуу маанай тартуулоо үчүн «Отургучтар» деп аталган оюнду ойнойбуз. (Бул үчүн мугалим өзү бир окуучу менен алдын ала даярдык көрүшкөн) 3 стул тегерек коюлат, 4 окуучу доскага чыгат. Музыка башталганда оюнчулар стулдарды тегеренип чуркашат. Музыка токтоор замат ар бири орундуктарды ээлеп калууга тийиш. Ким үлгүрбөй калса ал оюндан чыгат.

  Оюн башталат. Музыка токтогондон кийин мугалим даярдап койгон окуучу атайлап орундуксуз калат да оюндан чыккысы келбей наарaзы боло баштайт. Анан мугалимге кайрылып: *Менин оюндан чыккым келбейт, мүмкүн Сиз экөөбүз сүйлөшөөрбүз?* Буга мугалим: *Жок, эреже боюнча сен оюндан чыгышың керек.* Бирок, окуучу буга макул болбой мындай дейт: *Макул, 100 сом берейин, сиз мени оюнда калтырыңыз.* Мугалим ойлоно түшөт да: *Жок, 100 сом аз* деп, оюнчуларга кайрылат: *Ким мага 200 сом берсе оюндун жеңүүчүсү болот.* Окуучулар наарaзы болушат анткени оюндун жеңүүчүсү болуш үчүн алар акча берүүгө даяр эмес болчу. Андан соң мугалим баягы окуучуга кайрылат. *Болуптур сен оюнда кала бер*! деп, эреже боюнча оюнда кала турган башка бирөөнү оюндан чыгарат. (оюндун аягында пара берген окуучу жеңишке жетет, бул оюнду максаты-окуучулардын наарaзычылыгын туудуруп, мугалим менен «пара берүүчүнү» жек көрүү)

  Оюндун жыйынтыгын чыгаруу. Мугалим суроолор аркылуу окуучуларга кайрылат.

- *Силерге оюн жактыбы? Оюн эмнеси менен жакты?*

  Окуучулардын жооптору: *жок, эч нерсеси жаккан жок.*

  *-Оюн учурунда өзүңөрдү кандай сездиңер?*

  Окуучулардын жооптору: *өтө жаман, жардамсыз,укуксуз.*

  *—Эмнеге жаккан жок?*

  Окуучулардын жооптору: *жаккан жок, оюндан чыга турганда чыкпай, так ойногондор чыгып калышты, таза эмес ойногондор утушту, мугалим менен оюнчу биригип кетишти, мугалим оюнду өзү каалагандай жүргүздү, оюнчуларды басмырлады.*

- *Окуучулар азыр сиз, көргөн көрүнүштү кандай атоого болот?*
- *Паракордук…*
- *Коррупция*

  ***Мугалим:*** *Демек биз бүгүн сиз айтып өткөн коррупция жөнүндө сөз кылабыз. Окуучулар коррупция деп укканда оюнарга алгач эмне келди?* (Окуучулардын жоопторун угуп бүткөн соң)

***Жыйынтыктоо:*** Мугалим төмөндөгү суроолорду берүү менен сабакты жыйынтактайт.

1. Коррупция деген эмне экен?
2. Коррупцияга каршы күрөшүүдө сен кандай салыш кошо аласың?
3. Паракорду жазалоо керекпи же пара берүүчүнүбү? Сенин оюң кандай?

Мугалим: Мына окуучулар бүгүнкү сабак өз аягына жетип турган учурда мен ушуларды кошумчалап кетүүнү абзел деп ойлодум. Коррупция деген терс көрүнүш коомдо тамыр атпасын,коррупцияга каршы күрөшүү ар бир атуулдун негизги милдети болуп калсын. Мамлекет башчысы Алмазбек Атамбаев бекеринен «2017-жыл-Ыйман, адеп жана маданият жылы» деп жарыялаганы жок. Ыйман менен адеп бар жерде маданият болот. Мекенди сүйүү-ыймандан.

**Өлкө сыймыктангандай жаран бол!**

# Тарбиялык

# саат

Аскер уулу Нурлан атындагы орто мектеби

# Тарбиялык саат

Тема: **МЕКЕНИМ – КЫРГЫЗСТАН!**

**2-класс**

**Мугалим: Аманкулова А.М**

**2020-2021-окуу жылы**

Аскер уулу Нурлан атындагы орто мектеби

# Тарбиялык саат

Тема: ЖОЛДО ЖҮРСӨҢ, АБАЙЛА!

**2-класс**

**Мугалим: Аманкулова А.М**

**2020-2021-окуу жылы**



# КЫРГЫЗСТАНДЫН
## кызыл китебине кирген канаттуулар



Асер уулу Нурлан атындагы орто мектеби

# Тарбиялык саат

Тема: Исхак Раззаковко 110 жыл.

2-класс

Класс жетекчи: Аманкулова А.М

«Эне тилсиз, укмак белем санатты,
Эне тилсиз, укмак белем Манасты»

**Темасы: «Атыңдан кагылайын – эне тилим»**

**Максаты:**

- Окуучуларды өз эли-жеринин тарыхы, ата-бабадан калган улуу мурастарын, эне тилин кадырлап сыйлоого, урматтоого багыт берүү.

- Мекен алдындагы жоопкерчилигин арттыруу, эли-жерин сүйүүгө, атуулдук парзын аткаруу, ата мурастарын сактай билүүгө түрткү берүү.

- Ар намыскөйлүккө, ынтымак – достукка, эмгекчилдикке, кең пейилдикке жана ошондой эле өз эне тилин мыкты билүү менен башка тилдерди да үйрөнүүгө тарбиялоо.

**Сабактын формасы:**

стандарттуу эмес сабак.

**Сабактын жабдылышы:**

Кыргыз Республикасынын гимни, желеги, туусу, картасы, улуу инсандардын сүрөттөрү, Мекенибиздин кооздугун чагылдырган түстүү сүрөттөр, компьютер.

**Сабактын жүрүшү:**

Уюштуруу. Жагымдуу жагдай түзүү.

Сабакты Кыргыз Республикабыздын Гимни менен баштайбыз.

**Мугалим:**

Саламатсыңарбы, кутмандуу күнүңөр менен, балдар! Эмесе биздин бүгүнкү ачык тарбиялык саатыбыздын темасы: «Атыңдан кагылайын – эне тилим» - деп аталат. Максатыбыз эне тилди урматтап, ыйык тутуп, көз жаздымда калтырбоо.

Силер билесиңер, дүйнөдө миңге чамалаш түркүн улуттагы элдер жашайт. Алардын бири мээ кайнаткан ысык чөлдү мекендесе, бири борошо кары сапырылган бурганактуу жерде жашашат.

Ал эми, көйкөлгөн көк ирим көлү бар, белден буралган бетеге чөбү бар, ак элечек, шаңкайган аска тоолор койнунда жашаган элчи?

Ал бизбиз, десеңер бир оздон жаңылышпайбыз. Албетте, ошол эл биз Ала-Тоолук кыргызбыз.

Кыргызым - бүтпөс ырымсың,
Кыярбас кызыл туумсуң.
Сан жагың чакан болсо да,
Сапатың менен улуусуң.

Аскер уулу Нурлан атындагы орто мектеби

# *Тарбиялык саат*

**Тема: Ата журтум-асыл мекеним**

**3-класс**

**Мугалим: Аманкулова А.М.**



Аскер уулу Нурлан атындагы ортомектеби

# Короновирустан сак бол

**Мугалим: Аманкулова А.М.**

# БЕТКАП ТАГЫНУУ

## ООРУНУ ЖУКТУРУУ ТОБОКЕЛЧИЛИГИН ТӨМӨНДӨТӨТ




STOP

РЕСПУБЛИКАЛЫК ШТАБ/ РЕСПУБЛИКАНСКИЙ ШТАБ